Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

## январь-февраль

**Айлык чыгарылыш**

2013 Бишкек

***Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:
Төрага - А. Осмоналиев
Мүчөлөр: - Д. Байжуманов
Б. Касымбеков
- К. Исалиев
- К. Койчуманова
- Р. Плесовских
Ч. Турдубаева

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 374; телефон: 996 (312) 625662;
факс: 66-01-38; интернет: www.stat. kg ;
e-mail: nsc_mail@stat.kg;

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
Жыйынтыктоо иштери жана статистикалык маалыматтарды жайылтуу бөлүмү

***Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы оперативдүү маалыматтардын негизинде 2013-жылдын январь-февралындагы өлкөнүн экономикасынын абалын анык, мамлекеттик, финансылык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна, такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы: 35 нуска.

Басылма магниттик дискеталарда да бар.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалымат тармактарына, кагазда, магниттик жана башка алып жүрүүчүлөрдө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик статистика жөнүндө» Мыйзамынын 17-статьясы).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2013-ж. 15-марты.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

. . . маалымат жок;

0,0 анча чоң эмес өлчөм.

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# М а з м у н у

1.Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү .................. 4
2. Сектордук баян ........................................................................................................ 5
Мамлекеттик сектор ........................................................................................ 41
Тышкы сектор .................................................................................................. 47
Социалдык сектор ........................................................................................... 57
3. 2012-ж. туризмдин өнүгүшү жөнүндө ....................................................................... 65

**Тиркеме** **139**
**I. Анык сектор** **141**
**II. Тышкы сектор** **151**

## 1-таблица: Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү

| | 2013 январь-февралы | 2013 январь-февралы 2012 январь-февралына карата пайыз менен | 2013 февралы пайыз менен | | Маалымдоо: | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2012 февралына карата | 2013 январына карата | 2012 январь-февралы 2011 январь-февралына карата пайыз менен | 2012 февралы пайыз менен | |
| | | | | | | 2011 февралына карата | 2012 январына карата |
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча), млн. сом | 37302,9 | 108,0 | | | 89,0 | | |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 33669,6 | 104,7 | | | 104,2 | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү - бардыгы, млн. сом | 21847,2 | 121,8 | 131,6 | 101,2 | 69,5 | 68,1 | 93,4 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 12267,7 | 108,4 | 109,3 | 100,6 | 119,8 | 124,8 | 109,2 |
| электр энергиясын өндүрүү жана бөлүштүрүүнү эсепке албаганда | 18122,3 | 129,3 | 141,5 | 104,3 | 55,1 | 52,8 | 91,3 |
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоо продукцияларынын дүң чыгаруусу, млн. сом | 11358,0 | 101,4 | 101,2 | 104,4 | 100,8 | 100,8 | 105,3 |
| Негизги капиталга инвестициялар, млн. сом | 3403,9 | 110,3 | 104,4 | 203,1 | 93,2 | 99,2 | 242,8 |
| Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү, млн. сом | 2974,7 | 105,6 | 105,1 | 260,8 | 104,1 | 125,6 | 265,4 |
| Соода; автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди ондоо жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмү, млн. сом | 34904,6 | 106,7 | 104,5 | 104,6 | 106,7 | 107,0 | 108,7 |
| Мейманканалар жана ресторандар көрсөткөн тейлөөлөрдүн көлөмү, млн. сом | 1498,4 | 106,8 | 106,7 | 101,1 | 104,1 | 104,7 | 101,0 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 5844,3 | 104,1 | 104,0 | 93,1 | 101,1 | 100,1 | 93,3 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуу көлөмү, миң адам | 88765,9 | 100,9 | 100,4 | 95,8 | 103,2 | 103,5 | 96,7 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 107,7 | 107,9 | 100,4 | 103,1 | 102,3 | 100,0 |
| мурунку жылдын декабрына карата | 101,2 | | | | | | |
| Тышкы соода жүгүртүүнүн көлөмү[1], АКШнын млн. доллары | 493,0 | 108,2[2] | - | 51,3[3] | 111,4[2] | - | 49,1[3] |
| анын ичинде: | | | | | | | |
| экспорт | 113,2 | 106,5 | - | 27,5 | 57,2 | - | 23,7 |
| импорт | 379,8 | 108,7 | - | 69,2 | в 1,6 р. | - | 72,9 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы[4], сом | 10249 | 105,6[2] | - | 71,1[3] | 136,9[2] | - | 69,1[3] |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 61,5 | 100,1 | 97,4 | 123,9 | 95,0 | 89,1 | 148,2 |

[1] 2013-ж. январы, жеке адамдардын тышкы соодасынын көлөмүн кошкондо.
[2] 2013-ж. январы жана 2012-ж. январы мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен.
[3] 2013-ж. январы жана 2012-ж. январы мурунку айга карата пайыз менен.
[4] Январь, чакан ишканаларды кошпогондо.

## 2. Сектордук баян

### Анык сектор

**Өнөр жай.** 2013-ж. январь-февралында республиканын өнөр жай ишканаларында 21847,2 млн. сом суммасында продукция өндүрүлдү. 2012-ж. январь-февралына карата физикалык көлөмдүн индексинин өсүшү 21,8 пайызды түздү, «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда - 12267,7 млн. же 8,4 пайызды, 2013-ж. январына карата 1,2 пайызды түздү. 2013-ж. февралында 11158,9 млн. сом суммасында өнөр жай продукциясы өндүрүлдү, 2012-ж. февралына карата физикалык көлөмдүн индекси 131,6 пайызды, «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда 6400,4 млн. же 109,3 пайызды түздү.

**2-таблица: Январь-февралдагы өнөр жай продукциясын өндүрүү көлөмү**
*(млн. сом)*

| | 2012 | | 2013 | |
|---|---|---|---|---|
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| **Бардыгы** | **9704,5** | **19554,9** | **11158,9** | **21847,2** |
| Тоо кен казуу өнөр жайы | 233,6 | 494,7 | 275,6 | 534,2 |
| Иштетүү өнөр жайы | 6367,1 | 12868,9 | 8115,2 | 15588,7 |
| Электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3103,8 | 6191,3 | 2768,1 | 5724,4 |

2013-ж. январь-февралында 2012-ж. январь-февралына салыштырмалуу өнөр жай продукцияларынын көлөмүнүн көбөйүшү, негизинен металлургия өндүрүшүндө жана жалпы көлөмдүн салыштырма салмагы 45,7 пайызды түзгөн өнөр жай өндүрүшүндөгү даяр металл буюмдарды өндүрүүдө, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүүдө (6 пайызга жакын) көлөмдүн өсүшү менен шартталган.

**3-таблица: Январь-февраль айларындагы экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2012 | | 2013 | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль январга карата |
| **Бардыгы** | **68,1** | **69,5** | **131,6** | **121,8** | **101,2** |
| "Кумтөр" кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 124,8 | 119,8 | 109,3 | 108,4 | 100,6 |
| **Тоо кен казуу өнөр жайы** | 111,6 | **100,5** | **94,4** | **97,3** | **92,0** |
| Отун-энергетикалык пайдалуу кендерди казуу | 113,7 | 101,6 | 90,8 | 94,9 | 89,0 |
| Пайдалуу кендерди казуу, отун-энергетикалыктан башка | 89,9 | 86,7 | 1,7 эсе | 146,7 | 143,1 |
| **Иштетүү өнөр жайы** | **49,7** | **52,2** | **146,6** | **132,9** | **105,4** |
| Тамак-аш азыктарын жана тамекини өндүрүү, суусундуктарды кошкондо | 115,7 | 109,0 | 92,9 | 97,9 | 103,6 |
| Текстиль жана тигүү өндүрүшү | 84,4 | 92,2 | 79,8 | 75,2 | 1,9 эсе |
| Булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдарды жана бут кийимди өндүрүү | 117,1 | 112,0 | 119,1 | 106,7 | 143,6 |
| Жыгач иштетүү жана жыгачтан жасалган буюмдарды өндүрүү | 83,2 | 93,1 | 2,1 эсе | 1,8 эсе | 122,8 |
| Целлюлоза-кагаз өндүрүшү, басма ишмердиги | 1,6 эсе | 143,4 | 134,4 | 122,6 | 76,7 |
| Мунайзат продуктуларын жана ядролук материалдарды өндүрүү | 53,9 | 72,5 | 1,9 эсе | 102,9 | 2,2 эсе |
| Химия өндүрүшү | 130,5 | 127,6 | 136,6 | 105,3 | 128,3 |
| Резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 1,8 эсе | 129,1 | 85,9 | 119,8 | 73,8 |
| Башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү | 63,2 | 82,1 | 4,9 эсе | 4,8 эсе | 138,8 |
| Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшү | 30,2 | 36,1 | 1,8 эсе | 146,3 | 102,5 |
| Машина жана жабдуу өндүрүшү | 4,0 эсе | 2,2 эсе | 52,4 | 63,8 | 1,7 эсе |

| | 2012 | | 2013 | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль январга карата |
| Электр жабдуу, электрондук жана оптикалык жабдуу өндүрүшү | 96,5 | 102,5 | 108,0 | 109,9 | 98,6 |
| Транспорттук каражаттар жана жабдуу өндүрүшү | 111,8 | 110,0 | 88,4 | 98,5 | 98,9 |
| Өндүрүштүн башка тармактары | 51,3 | 70,4 | 81,1 | 76,7 | 138,8 |
| **Электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **136,3** | **129,7** | **103,1** | **100,3** | **90,8** |

Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн ылдыйлашы Нарын жана Талас областтарында, мында электр энергиясын бөлүштүрүү боюнча көрсөтүлгөн тейлөөнүн көлөмү түшүп кеткен, жана Бишкек ш. (машина жана жабдуу, текстиль, тигүү өндүрүшүндө жана тамак-аш азыктары менен тамекини өндүрүүдөгү, суусундуктарды кошкондо, маанилүү кыскартуулардын эсебинен) жол берилген.

**4-таблица: Январь-февралдагы аймак боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы, млн. сом | | | | Физикалык көлөмдүн индекси, пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | | 2013 | | 2012 | | 2013 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| **Кыргыз Республикасы** | **9704,5** | **19554,9** | **11158,9** | **21847,2** | **68,1** | **69,5** | **131,6** | **121,8** |
| Баткен областы | 275,6 | 498,5 | 426,2 | 658,8 | 141,4 | 124,8 | 125,4 | 115,7 |
| Жалал-Абад областы | 1233,8 | 2446,6 | 1149,3 | 2259,7 | 117,3 | 114,9 | 120,9 | 113,6 |
| Ысык-Көл областы | 1456,3 | 3647,9 | 2635,0 | 5351,5 | 28,5 | 35,4 | 2,0 эсе | 1,6 эсе |
| Нарын областы | 102,0 | 208,3 | 90,1 | 192,7 | 135,3 | 113,0 | 91,8 | 93,8 |
| Ош областы | 178,4 | 340,6 | 200,5 | 377,4 | 115,2 | 116,1 | 144,8 | 129,4 |
| Талас областы | 75,5 | 155,3 | 73,0 | 146,8 | 141,0 | 137,9 | 97,9 | 96,7 |
| Чүй областы | 3603,6 | 7212,7 | 4192,3 | 8187,8 | 107,5 | 114,2 | 126,5 | 112,7 |
| Бишкек ш. | 2510,7 | 4534,9 | 2153,8 | 4169,5 | 123,1 | 115,2 | 78,3 | 91,9 |
| Ош ш. | 268,6 | 510,2 | 238,7 | 503,0 | 138,7 | 140,9 | 94,1 | 100,6 |

***Тоо кен казуу өнөр жайынын*** үлүшү 2013-ж. январь-февралында 2,4 пайызды түзүп, 534,2 млн. сомго продукция өндүрүлгөн, 2012-ж. январь-февралына карата физикалык көлөмдүн индекси 97,3 пайызды түздү, анын ичинен отун-энергетикалык пайдалуу кендерди казуу - 94,9, башка пайдалуу кендерди казуу 146,7 пайызды түздү.

**5-таблица: Январь-февралдагы тоо кен казуу өнөр жай продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | | 2013 | | 2012 | | 2013 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| **Отун-энергетикалык пайдалуу кендерди казуу** | | | | | | | | |
| Таш көмүр жана лигнит, миң т | 54,9 | 113,7 | 45,7 | 110,9 | 1,7 эсе | 124,0 | 83,3 | 97,5 |
| Иштетилбеген мунайзат, миң т | 5,9 | 12,0 | 5,6 | 11,4 | 95,2 | 89,6 | 94,9 | 95,0 |
| Газ түрүндөгү жаратылыш газы, млн. $м^3$ | 3,1 | 6,3 | 2,6 | 5,6 | 134,8 | 131,3 | 83,9 | 88,9 |

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | | 2013 | | 2012 | | 2013 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| **Тоо кен казуу өнөр жайынын башка тармактары** | | | | | | | | |
| Базальт, миң т. | 10,0 | 17,3 | 7,0 | 12,3 | 149,5 | 143,3 | 69,5 | 71,1 |
| Сланец, миң т | 11,7 | 38,9 | 20,8 | 30,8 | 52,9 | 122,9 | 1,8 эсе | 79,3 |
| Гранит, ири кум, курулуш иштери жана эстелик үчүн таш, миң т | 10,2 | 17,6 | 7,1 | 12,7 | 149,0 | 142,6 | 70,0 | 71,8 |

***Иштетүү*** өнөр жай ишканаларынын үлүшүнө 2013-ж. январь-февралында 71,4 пайыз туура келип, өндүрүү көлөмү 15588,7 млн. сомду түздү, анын ичинен металлургия жана даяр металл буюмдар өндүрүшүнүн продукциясы 9980,3 млн. сомду, башка металл эмес минералдык продуктулардын өндүрүшү 1255,3 млн. сомду түздү. Жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 2013-ж. январь-февралында 2012-ж. январь-февралына салыштырмалуу 132,9 пайызды түздү.

2013-ж. январь-февралында металлургия жана даяр металл буюмдар өндүрүшүндө продукциянын көлөмүнүн (46,3 пайызга) көбөйүшү кымбат баалуу металлдарды чыгаруунун өсүшү менен шартталган. Башка металл эмес минералдык продуктулар өндүрүшүндө (4,8 эсеге) көлөмдүн көбөйүшү, цемент өндүрүшүндө - 6 эсе, толкун сымал шифер өндүрүшүндө - 2,6 эсе, жана товардык бетон өндүрүшүндө -1,7 эсе көп өндүрүлүшү камсыз кылган.

Муну менен бирге, иштетилген суюк сүт чыгаруу - 67,4 пайызга, бардык түрдөгү сырлар - 24,2 пайызга, чалган май өндүрүү 11,8 пайызга, макарон, кесме жана ундан жасалган ушул өндүү азыктар - 19,2 пайызга кыскарышынын эсебинен продукция өндүрүшүндө тамак-аш азыктары, тамеки менен суусундуктарды кошкондо, продукцияларды чыгаруу 2,1 пайызга төмөндөп кеткен. Текстиль жана тигүү өндүрүшүндө сырткы трикотаж кийимдерин өндүрүү 75,7 пайызга, трикотаждан башка аялдардын сырткы кийимдерин өндүрүү 16,7 пайызга төмөндөп кеткенинин эсебинен, өндүрүштүн көлөмүнүн (24,8 пайызга) төмөндөшүнө жол берилген.

**6-таблица: Январь-февралдагы иштетүү өнөр жай продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | | 2013 | | 2012 | | 2013 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| **Тамак-аш азыктарын жана тамекини өндүрүү, суусундуктарды кошкондо** | | | | | | | | |
| Дан эгиндеринин уну, миң т | 24,8 | 42,2 | 19,8 | 37,2 | 87,1 | 87,8 | 80,1 | 88,2 |
| Ири мүйүздүү малдын, чочконун, эчкинин, жылкынын эти жана тамак-аш субпродуктулары, т | 665,2 | 1297,3 | 623,1 | 1278,3 | 127,2 | 125,3 | 93,7 | 98,5 |
| Колбаса азыктары, т | 213,0 | 430,3 | 223,9 | 462,1 | 111,6 | 109,9 | 105,1 | 107,4 |
| Иштетилген суюк сүт, миң т | 2602,7 | 5126,4 | 819,0 | 1672,1 | 3,1 эсе | 1,5 эсе | 31,5 | 32,6 |
| Бардык түрдөгү чалган май, т | 98,8 | 170,0 | 64,4 | 149,9 | 1,5 эсе | 116,3 | 65,2 | 88,2 |

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | | 2013 | | 2012 | | 2013 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| Макарон, кесме, жана ушул өңдүү ундан жасалган азыктар, т | 1352,0 | 2669,3 | 1473,7 | 2156,2 | 99,0 | 110,4 | 109,0 | 80,8 |
| Коньяктар, миң литр | 62,2 | 116,6 | 42,4 | 94,8 | 145,0 | 132,7 | 68,2 | 81,3 |
| Этил спирти, миң литр | 757,6 | 1727,5 | 995,9 | 1761,6 | 26,0 эсе | 10,6 эсе | 131,5 | 102,0 |
| Сигареталар, млн. даана | 163,0 | 333,6 | 3,9 | 76,7 | 84,3 | 76,2 | 2,4 | 23,0 |
| **Текстиль жана тигүү өндүрүшү** | | | | | | | | |
| Кардо жана тарак менен таралган пахта буласы, т | 1986,6 | 4073,7 | 597,1 | 2049,3 | 122,3 | 2,0 эсе | 30,1 | 50,3 |
| Даяр кездеменин бардык түрлөрү, миң м2 | 78,5 | 98,9 | 59,4 | 146,0 | 104,7 | 67,1 | 75,7 | 147,6 |
| Машинага же колго токулган трикотаж сырткы кийим, миң даана | 169,2 | 227,6 | 25,8 | 55,4 | 87,0 | 87,1 | 15,3 | 24,3 |
| Сырткы кийим, аялдар жана кыздар үчүн трикотаж кийиминен башка, миң даана | 1725,3 | 2460,4 | 1586,6 | 2049,5 | 79,7 | 83,0 | 92,0 | 83,3 |
| Машинага же колго токулган трикотаж ички кийим, миң даана | 196,5 | 249,5 | 19,5 | 28,2 | 58,3 | 60,1 | 9,9 | 11,3 |
| Машинага же колго токулган трикотаж байпак, миң түгөй | 2954,4 | 6310,5 | 2486,5 | 4580,9 | 54,3 | 93,8 | 84,2 | 72,6 |
| Свитер, жемпир, пуловер жана ушу сыяктуу трикотаж кийимдер, миң даана | 103,9 | 132,7 | 15,1 | 29,3 | 2,0 эсе | 2,0 эсе | 14,5 | 22,1 |
| **Булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдарды жана бут кийимди өндүрүү** | | | | | | | | |
| Жылкы өңдүү жүнү жок жаныбарлардын, же ири мүйүздүү малдын терилеринен жасалган булгаары (катуу булгаары товарлары), миң кв.дм | 166,0 | 323,1 | 220,0 | 348,2 | - | 4,0 эсе | 132,5 | 107,8 |
| Кой, эчки, чочколордун жүнсүз терилеринен жасалган булгаары, миң кв.дм | 23,9 | 45,4 | 23,9 | 47,6 | - | - | 100,0 | 104,8 |
| **Башка металл эмес минералдык продуктулар өндүрүшү** | | | | | | | | |
| Кум-блок, миң даана | 63,0 | 124,5 | 84,9 | 165,5 | 136,4 | 1,8 эсе | 134,8 | 132,9 |
| Товардык бетон, миң т | 23,0 | 41,5 | 39,8 | 68,9 | 124,3 | 130,0 | 1,7 эсе | 1,7 эсе |
| Толкун сымал шифер, тилкелер, панелдер жана ушул өңдүү асбест-цементтен жасалган буюмдар, миң т | 1148,0 | 1148,0 | 2983,0 | 2983,0 | 25,5 | 22,5 | 2,6 эсе | 2,6 эсе |

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | | 2013 | | 2012 | | 2013 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| Цемент, миң т | 13,9 | 19,1 | 91,4 | 114,4 | 33,3 | 44,6 | 6,6 эсе | 6,0 эсе |
| Курулуш иштери үчүн бетондон жасалган конструкциялар, миң т | 4,8 | 7,6 | 10,9 | 15,3 | 61,6 | 69,4 | 2,3 эсе | 2,0 эсе |
| **Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдар өндүрүшү** | | | | | | | | |
| Металлконструкциялар курулуш иштери үчүн, т | 2,4 | 2,5 | 2,4 | 4,8 | 104,4 | 71,4 | 100,0 | 1,9 эсе |
| Курулуш иштери үчүн кара металлдан жасалган конструкциялар, т | 241,8 | 473,9 | 503,2 | 872,3 | 94,8 | 101,9 | 2,1 эсе | 1,8 эсе |
| Болот куймасы, т | 134,5 | 191,3 | 73,2 | 221,5 | 10,0 эсе | 7,1 эсе | 54,4 | 115,8 |
| Электр жабдуу, электрондук жана оптикалык жабдуу өндүрүшү | | | | | | | | |
| Трансформаторлор, даана | 2373 | 4866 | 2849 | 5896 | 1,6 эсе | 1,7 эсе | 120,1 | 121,2 |
| Ысыткыч лампалар, млн. даана | 15,9 | 31,3 | 17,0 | 33,6 | 100,0 | 105,2 | 106,6 | 107,3 |
| Төмөнкү вольттогу аппаратура, миң даана | 121,8 | 171,8 | 110,1 | 172,0 | 43,4 | 31,1 | 90,4 | 100,1 |

*Электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү* көлөмүнүн үлүшү 2013-ж. январь-февралында 26,2 пайызга туура келип, 5724,4 млн. сомду, ал эми февралда 2768,1 млн. сомду түздү, физикалык көлөмдүн индекси, турушуна жараша, 100,3 пайызды жана 103,1 пайызды түздү. Ү.ж. январь-февралында физикалык көлөмдүн индекси электр энергиясынын 1,8 пайызга көп иштеп чыгаруусунун жана электр энергиясын бөлүштүрүү боюнча тейлөөлөрдүн 2,8 пайызга көтөрүлүшүнүн эсебинен камсыз болду.

**7-таблица: Январь-февралдагы электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | | 2013 | | 2012 | | 2013 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| Электр энергиясы, млн. кВт с | 1501,2 | 3538,6 | 1663,7 | 3603,0 | 128,9 | 122,8 | 110,8 | 101,8 |
| Жылуулук энергиясы, миң Гкал | 482,9 | 1071,5 | 454,6 | 981,5 | 115,0 | 107,5 | 94,1 | 91,6 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү боюнча тейлөөлөр, млн. сом | 602,0 | 1206,7 | 627,2 | 1240,1 | 107,4 | 114,6 | 104,2 | 102,8 |
| Газ түрүндөгү отунду бөлүштүрүү боюнча тейлөөлөр, млн. сом | 136,8 | 226,9 | 100,7 | 201,5 | 120,3 | 96,7 | 73,6 | 88,8 |
| Жаратылыш суусу, млн. $м^3$ | 11,6 | 23,6 | 11,7 | 23,7 | 100,6 | 100,1 | 100,5 | 100,5 |

Өнөр жай продукциясынын эң маанилүү 465 түрүнүн ичинен 2013-ж. январь-февралында чыгарылыш 231ге (49,7 пайызга) көбөйдү, азайганы 175 (37,6 пайызга), ал эми өндүрүлбөй калганы 47 (10,1 пайыз) болду.

**Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоо**. 2013-жылдын январь айында айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоо продукцияларынын дүң чыгаруусу 11358,0 млн.сом өлчөмүндө болду, муну менен физикалык көлөм индекси 101,4 пайызды түздү.

**8-таблица: Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоо продукцияларынын физикалык көлөмүнүн индекси**

| | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Мурунку айларга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыз менен | | | |
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| Январь | 100,8 | 101,5 | - | - |
| Февраль | 100,8 | 101,2 | 105,3 | 104,4 |
| Январь-февраль | 100,8 | 101,4 | - | - |

Ушул жылдын январь-февралында мал чарба продукцияларынын көлөмү өндүрүштүн жалпы көлөмүнүн 97,3 пайызын, өсүмдүк өстүрүү - 1,7, тейлөө - 0,9, токой чарбачылыгы - 0,1 пайызын түздү. Дыйкан (фермердик) чарбаларынын жана жарандардын көмөкчү чарбаларынын үлүшүнө продукциянын жалпы көлөмүнүн 96,9 пайызы туура келди.

**9-таблица: 2013-ж. январь-февралындагы аймактар боюнча айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоо продукцияларынын дүң чыгаруусу**

| | Млн.сом менен (учурдагы баа менен) | Мурунку жылга карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **11358,0** | **101,4** | **100,0** |
| Баткен областы | 904,6 | 100,4 | 8,0 |
| Жалал-Абад областы | 1582,6 | 101,8 | 13,9 |
| Ысык-Көл областы | 1479,9 | 101,8 | 13,0 |
| Нарын областы | 1572,8 | 100,6 | 13,9 |
| Ош областы | 2018,6 | 100,9 | 17,8 |
| Талас областы | 708,9 | 100,5 | 6,2 |
| Чүй областы | 2924,1 | 102,2 | 25,7 |
| Бишкек ш. | 103,0 | 100,3 | 0,9 |
| Ош ш. | 63,5 | 99,8 | 0,6 |

Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоо продукцияларын дүң чыгарылышы Чүй областында (2,2 пайыз) - мал чарба продукцияларын өндүрүү көлөмүнүн жогорулашынын эсебинен бир топ өскөндүгү белгиленди.

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында мурунку жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу мал чарба продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү көлөмүнүн өсүшү камсыз болду.

**10-таблица: Январь-февралда бардык категориядагы чарбаларда мал чарба продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өндүрүлдү-бардыгы, тонна | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | | 2013 | | 2012 | | 2013 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| Союлуучу мал жана канаттуу (тирүүлөй салмакта) | 26943 | 53486 | 27184 | 54032 | 101,0 | 101,0 | 100,9 | 101,0 |
| Чийки сүт | 71871 | 139923 | 73037 | 141986 | 101,3 | 101,2 | 101,6 | 101,5 |
| Жумуртка, миң даана | 23403 | 43857 | 25545 | 49735 | 108,0 | 100,9 | 109,2 | 113,4 |

**1-график: Январь-февралдагы аймак боюнча өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**2-график: Февралдагы айыл чарба, токой чарба жана балык уулоо продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси**

*(мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен)*



Мал жана үй канаттуусунун башынын санынын көбөйүшүнүн эсебинен ү.ж. февралында өткөн жылдын тийиштүү айына караганда союлуучу мал жана канаттууну (тирүүлөй салмакта) 1,0 пайызга, сүттү - 1,5 пайызга, жумуртканы өндүрүү - 13,4 пайызга өстү.

**11-таблица: 2013-ж. январь-февралындагы аймак боюнча мал чарба продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Союлуучу мал жана канаттуу (тирүүлөй салмакта) | Чийки сүт | Жумуртка, миң даана |
|---|---|---|---|
| | *Тонна* | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **54032** | **141986** | **49735** |
| Баткен областы | 4089 | 8966 | 951 |
| Жалал-Абад областы | 7344 | 18185 | 3272 |
| Ысык-Көл областы | 6398 | 23884 | 9547 |
| Нарын областы | 9593 | 12076 | 356 |
| Ош областы | 8961 | 27948 | 3225 |
| Талас областы | 4079 | 9255 | 1631 |
| Чүй областы | 13224 | 40834 | 30495 |
| Бишкек ш. | 52 | 127 | 175 |
| Ош ш. | 292 | 711 | 83 |
| | *Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен* | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **101,0** | **101,5** | **113,4** |
| Баткен областы | 100,2 | 101,0 | 101,4 |
| Жалал-Абад областы | 101,5 | 102,8 | 106,1 |
| Ысык-Көл областы | 101,7 | 101,8 | 105,9 |
| Нарын областы | 100,7 | 100,4 | 101,1 |
| Ош областы | 100,7 | 101,3 | 107,5 |
| Талас областы | 100,5 | 100,6 | 101,1 |
| Чүй областы | 101,4 | 101,3 | 119,4 |
| Бишкек ш. | 96,3 | в1,8р | 75,1 |
| Ош ш. | 99,0 | 102,4 | 103,8 |

Союлуучу мал жана канаттууну өндүрүүнүн өсүүсү (тирүүлөй салмакта) Ысык-Көл, Жалал-Абад жана Чүй областтарынын чарбаларында, сүт өндүрүүнүн өсүүсү Жалал-Абад, Ысык-Көл, Ош жана Чүй областтарын чарбаларында байкалды. Жумуртканы өндүрүү Чүй, Ош, Жалал-Абад жана Ысык-Көл областтарынын чарбаларында өстү.

Бир уйдан орточо эсеп менен 208 кг сүт саалган. Сүттү ашыгы менен саап алуу Чүй областынын чарбаларында (336 кг), Таласта (279 кг) жана Ысык-Көл областында (258 кг) болду.

Жагымдуу аба-ырайынын шарттарына байланыштуу, ү.ж. февралынын үчүнчү декадасында республиканын түштүк аймактарында жаздык себүү иштери башталды.

Республикада үрөндү жаздык себүү үчүн даярдоо иштери улантылууда. Бирок, ү.ж. мартынын башына карата көпчүлүк айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнүнүн болгону алардын талап кылынган көлөмүнө жетпейт.

**12-таблица: Жаздык себүү үчүн багытталган айыл чарба өсүмдүктөрүнүн болгон үрөнү жана талабы**[1]

*(2013-ж. 1-мартына карата, миң тонна)*

| | Талап | Болгон | Талапка салыштырмалуу үрөндүн болгону, пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Буудай | 34,8 | 26,3 | 75,4 |
| Арпа | 25,3 | 21,0 | 82,7 |
| Күрүч, т | 906 | 906 | 100,0 |
| Дан буурчак | 3,7 | 3,7 | 100,0 |
| Жүгөрү | 2,3 | 2,0 | 85,4 |
| Кант кызылчасы, т | 47 | 19 | 41,3 |

| | Талап | Болгон | Талапка салыштырмалуу үрөндүн болгону, пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Пахта | 1,7 | 1,2 | 70,5 |
| Тамеки, т | 0,29 | 0,20 | 68,6 |
| Картошка | 245,7 | 239,3 | 97,4 |

[1] Бул жерде жана 20-таблицада Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлигине караштуу Мамлекеттик үрөн инспекциясынын маалыматтары боюнча.

Азыркы жылдын мартынын башында болгон 26,3 миң тонна буудай үрөнүнүн 8,9 миң тоннасы текшерилди, анын 8,4 миң тоннасы жарактуу деп табылды, болгон 21,0 миң тонна арпа үрөнүнүн 10,1 миңи текшерилип, 9,5 миң тоннасы жарактуу болуп чыкты.

**13-таблица: Аймак боюнча жаздык себүү үчүн багытталган айыл чарба өсүмдүктөрүнүн болгон үрөнү[1]**

*(2013-ж. 1-мартына карата, талапка карата пайыз менен)*

| | Буудай | Жүгөрү | Кант кызылчасы | Пахта | Тамеки | Картошка |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Баткен областы | 86,6 | 92,9 | - | - | - | 100,0 |
| Жалал-Абад областы | 51,8 | 89,3 | - | 78,6 | 50,0 | 92,7 |
| Ысык-Көл областы | 77,7 | - | - | - | - | 100,0 |
| Нарын областы | 81,4 | - | - | - | - | 100,0 |
| Ош областы | 62,6 | 76,0 | - | 63,6 | 101,2 | 86,7 |
| Талас областы | 51,5 | 100,0 | - | - | - | 99,5 |
| Чүй областы | 84,1 | 83,6 | 45,5 | - | - | 100,8 |
| Ош ш. | - | 100,0 | - | - | - | - |

Республикада жаздык-талаа иштери үчүн техника даярдалып жатат.

**14-таблица: Айыл чарба техникасынын жаздык-талаа иштерине даярдыгы[1]**

*(2013-ж. 1-мартына карата)*

| | Оңдолгон техниканын болгону, бирдик | Оңдолгон техника, болгон техникага карата |
|---|---|---|
| Тракторлор - бардыгы | 14347 | 70,0 |
| Тракторлордун соколору | 5148 | 70,0 |
| Малалар | 13782 | 77,0 |
| Сепкичтер | 1791 | 71,0 |
| Культиваторлор | 1571 | 72,7 |

[1] Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлигине караштуу Айыл чарбасын механизациялаштыруу жана энергетикалык камсыз кылуу департаментинин маалыматтары боюнча.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин маалыматтары боюнча марттын башына карата республикада жазгы-талаа иштери жүргүзүү үчүн дизель майынын болушу талаптын 37,2 пайызын, бензиндин, турушуна жараша, 42,6 пайызын түздү.

Өткөн жылга салыштырганда 2012-ж. токойду калыбына келтирүү, токой өсүмдүктөрүн кароо жана даярдалган жыгач боюнча жүргүзүлгөн иштер кыскарды, ошол эле мезгилде багуу боюнча кесүүлөрдүн көлөмү өстү.

**15-таблица: Токой чарбасынын негизги көрсөткүчтөрү**

| | 2012 | 2013-ж. 2012-жылга карата пайыз менен |
|---|---|---|
| Мамлекеттик маанидеги токойлордо токойлорду калыбына келтирүү, миң га | 8,7 | 77,6 |
| Бир жолкуга айландырганда, токой өсүмдүктөрүн күтүү, миң га | 14,1 | 91,5 |
| Бак-дарактарды кыюу жана тандалма санитардык кыюулар, миң га | 35,3 | 103,5 |
| Даярдалган жыгачтар, миң куб. м | 26,8 | 77,0 |

| | 2012 | 2013-ж. 2012-жылга карата пайыз менен |
|---|---|---|
| анын ичинен ишке жарактуусу | 5,6 | 73,6 |

**Курулуш.** Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 2013-ж. январь-февралында 2974,7 млн. сомду түзүп, 2012-ж январь-февралына караганда 5,6 пайызга көп болду, ал эми үстүбүздөгү жылдын февралында анын көлөмү 2150,2 млн. сомду, же 2012-ж. февралынын деңгээлине караганда 105,1 пайызды түздү.

Негизги капиталга инвестицияларды өздөштүрүү деңгээли ү.ж. январь-февралында 2012-ж. январь-февралына салыштырмалуу 10,3 пайызга өсүп (салыштырма баада), 3403,9 млн. сомду, үстүбүздөгү жылдын февралында 2281,0 млн. сомду же 2012-ж. февралындагы деңгээлге карата 104,4 пайызын түздү.

**16-таблица: Негизги капиталга инвестициянын динамикасы**

| | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Мурунку айга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыз менен | | | |
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| Январь | 81,3 | 124,8 | 11,5 | 6,7 |
| Февраль | 99,2 | 104,4 | 242,8 | 203,1 |
| Январь-февраль | 93,2 | 110,3 | - | - |

2012-ж. январь-февралына салыштырмалуу инвестициянын көлөмү негизги капиталга ишканалардын жана уюмдардын эсебинен каржылоо - 43,4 пайызга, чет өлкөлүк насыянын эсебинен - 43,3 пайызга, калктын каражаттарынын эсебинен - 11,4 пайызга өстү.

**17-таблица: Январь-февралда каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестиция**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Бардыгы** | **2995,2** | **3403,9** | **100** | **100** |
| **Ички инвестициялар** | **2067,7** | **2540,0** | **69,0** | **74,6** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдын каражаттарын кошкондо) | 65,4 | 31,7 | 2,2 | 0,9 |
| Жергиликтүү бюджет | 6,8 | 1,6 | 0,2 | 0,1 |
| Ишканалардын жана уюмдардын каражаттары | 473,0 | 698,7 | 15,8 | 20,5 |
| Банктын насыясы | - | 60,5 | - | 1,8 |
| Калктын каражатынан, КРдин резидентинин кайрымдуулук жардамын кошкондо | 1522,5 | 1747,5 | 50,8 | 51,3 |
| **Тышкы инвестициялар** | **927,5** | **863,9** | **31,0** | **25,4** |
| Чет өлкөлүк насыялар | 426,1 | 629,0 | 14,2 | 18,5 |
| Тике чет өлкөлүк инвестиция | 209,4 | 146,6 | 7,0 | 4,3 |
| Чет өлкөлүк гранттар жана гуманитардык жардам | 292,0 | 88,3 | 9,8 | 2,6 |

Негизинен айыл чарба, аңчылык жана токой чарба объекттеринин курулушуна республикалык бюджеттин эсебинен (56,2 пайыз салынган инвестиция), калктын каражатынан (28,7 пайызы), ошондой эле чет өлкөлүк гранттын жана гуманитардык жардамдын эсебинен (14,8 пайызы) ишке ашты. Муну менен бирге, 2012-ж. январь-февралына салыштырганда өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 3,1 эсе азайды.

Тоо кен казуу ишканаларынын объекттеринин курулушу ишканалардын жана уюмдардын эсебинен (89 пайыз) жана тике чет өлкөлүк инвестициялардын (11 пайыз) эсебинен каржыланды, ал эми аларды инвестициялоо көлөмү 2012-ж. январь-февралына салыштырмалуу 2,5 эсе өстү.

Иштетүү ишкана объекттеринде 2012-ж. январь-февралына салыштырмалуу негизги капиталга инвестицияны өздөштүрүү деңгээли кыйла (4,9 эсе) өстү. Мында 78 пайызы чет өлкөлүк инвестициялардын каражаттарынын эсебинен өздөштүрүлдү .

Соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарды жана жеке колдонулуучу нерселерди ондоо объектилеринин курулушуна багытталган негизги каражаттарга инвестицияларды өздөштүрүү көлөмү, 2012-ж. январь-февралынын деңгээлине салыштырмалуу 3,1 эсе көбөйдү. Курулуш, негизинен, калк каражаттарынын эсебинен 72,8 пайызы жана ишканалардын жана уюмдардын эсебинен 27,2 пайызы каржыланды.

Электр энергиясын, газ жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү объектилерин, мейманканалар жана ресторандар, транспорт жана байланыш, кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана керектөөчүлөргө тейлөөлөрдү көрсөтүү объекттерин куруугa багытталган өздөштүрүлгөн каражаттардын көлөмү төмөндөдү.

**18-таблица: Январь-февралда экономикалык ишмердүүлүктөрдүн түрлөрү боюнча негизги капиталга инвестиция**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Бардыгы** | **2995,2** | **3403,9** | **100** | **100** |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарбасы | 39,9 | 13,4 | 1,3 | 0,4 |
| Тоо кен казуу өнөр жайы | 117,7 | 302,5 | 3,9 | 8,9 |
| Иштетүү өнөр жайы | 96,2 | 481,6 | 3,2 | 14,1 |
| Электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 273,7 | 135,5 | 9,1 | 4,0 |
| Соода; автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарды жана жеке колдонулуучу нерселерди ондоо | 68,8 | 221,2 | 2,3 | 6,5 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 67,5 | 25,4 | 2,3 | 0,7 |
| Транспорт жана байланыш | 850,9 | 415,5 | 28,4 | 12,2 |
| Финансы ишмердиги | - | 0,2 | - | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана керектөөчүлөргө тейлөөлөрдү көрсөтүү | 129,9 | 93,0 | 4,4 | 2,7 |
| Мамлекеттик башкаруу | 2,0 | 0,0 | 0,1 | 0,0 |
| Билим берүү | 72,9 | 110,8 | 2,4 | 3,3 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү | 3,7 | 1,3 | 0,1 | 0,0 |
| Коммуналдык, социалдык жана жеке тейлөөлөрдү көрсөтүү | 57,2 | 18,6 | 1,9 | 0,5 |

2013-ж. январь-февралдарында объекттерди кезектеги жана капиталдык ондоо иштери 10,4 млн. сомго жүргүзүлдү, анын ичинде 79,9 пайызы ишканалар менен уюмдардын каражатынын эсебинен, 11,5 пайызы жергиликтүү бюджеттин, 4,3 пайызы калктын каражатынын жана чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдын эсебинен ишке ашты.

Ү.ж. январь-февралында жалпы аянты 102,3 миң чарчы метр болгон 924 жеке турак үй *пайдаланууга берилди*, бул 2012-ж. январь-февралына караганда 23,1 пайызга көп. 2012-ж. январь-февралына салыштырганда, пайдаланууга берилген турак үйлөр Баткен, Ош областтарынан, ошондой эле Ош шаарынан башка областарда көбөйдү. Ү.ж. февралында 66,4 миң чарчы метр турак жай курулуп, 2012-ж. февралына караганда 26,2 пайызга көбөйдү.

2013-ж. эки айынын ичинде жеке турак үйлөрдүн курулушуна (баалоо боюнча) негизги капиталга инвестициянын 1411,4 млн. сому жумшалды, бул 2012-ж. январь-февралына салыштырмалуу 20 пайызга көп.

Жеке турак үйдүн негизги үлүшү (жалпы көлөмдүн 27 пайызы) 27,7 чарчы метр Бишкек ш. туура келет, Чүй областына – 15,5 пайыз, же 15,9 миң, Ош областына – 13,8 пайыз, же 14,1 миң чарчы метр туура келет.

Айыл жергесинде 53,4 миң чарчы метр жеке турак жай ишке киргизилди, же жалпы пайдаланууга берүүнүн 52,2 пайызын түзөт.

**19-таблица: 2013-ж. январь-февралында аймак боюнча жеке турак үйлөрдү ишке киргизүү**

| | Ишке киргизилгени - бардыгы, жалпы аянттын миң чарчы м | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **102,3** | **123,1** | **100** |
| Баткен областы | 4,2 | 71,1 | 4,1 |
| Жалал-Абад областы | 12,2 | 5,9 эсе | 11,9 |
| Ысык-Көл областы | 6,6 | 136,6 | 6,5 |
| Нарын областы | 5,5 | 12,3 эсе | 5,3 |
| Ош областы | 14,1 | 73,6 | 13,8 |
| Талас областы | 8,5 | 1,5 эсе | 8,4 |
| Чүй областы | 15,9 | 105,2 | 15,5 |
| Бишкек ш. | 27,7 | 126,9 | 27,0 |
| Ош ш. | 7,6 | 94,3 | 7,5 |

Ушул жылдын январь-февралында жеке турак жай курулушуна өздөштүрүлгөн каражаттардын үлүшү инвестициянын жалпы көлөмүнүн 41,5 пайызын түздү.

**Чет өлкөлүк инвестициялар.** Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2012-ж. өткөн жылга салыштырганда чет өлкөлүк инвестициянын түшүү көлөмү (кетүү агымын эсептебегенде) 27,2 пайызга төмөндөп, АКШнын 3600 млн. долларын түздү. Муну менен, чет өлкөлүк инвестициялардын келүү агымынын оң сальдосу 764,9 млн. доллар өлчөмүндө белгиленди.

**20-таблица: Чет өлкөлүк инвестициялардын түшүүсү[1]**

| | АКШнын млн. доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2011 | 2012 |
| **Бардыгы** | **4948,0** | **3600,0** | **100** | **100** |
| Тике чет өлкөлүк инвестиция | 849,2 | 521,4 | 17,2 | 14,5 |
| Портфелдик инвестициялар | 5,5 | 0,0 | 0,1 | 0,0 |
| Башка инвестициялар | 4001,1 | 3006,8 | 80,8 | 83,5 |
| Гранттар, техникалык жардам | 92,2 | 71,8 | 1,9 | 2,0 |

[1] Кетүү агымын эсептебегенде

2011-ж. салыштырганда чет өлкөлүк инвестициялардын түшүү көлөмү бардык областтарда азайып кеткен, буга Чүй областы жана Бишкек, Ош шаарлары кирбейт.

**21-таблица: Аймактар боюнча чет өлкөлүк инвестициялардын түшүүсү[1]**

| | АКШнын млн. доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2011 | 2012 |
| **Кыргыз Республикасы** | **4948,0** | **3600,0** | **100** | **100** |
| Баткен областы | 77,8 | 21,1 | 1,6 | 0,6 |
| Жалал-Абад областы | 145,3 | 130,8 | 2,9 | 3,6 |
| Ысык-Көл областы | 2618,0 | 997,2 | 52,9 | 27,7 |
| Нарын областы | 5,5 | 1,7 | 0,1 | 0,1 |
| Ош областы | 55,1 | 42,6 | 1,1 | 1,2 |
| Талас областы | 23,5 | 15,8 | 0,5 | 0,4 |
| Чүй областы | 310,0 | 374,4 | 6,3 | 10,4 |
| Бишкек ш. | 1316,0 | 1732,7 | 26,6 | 48,1 |
| Ош ш. | 42,6 | 117,7 | 0,9 | 3,3 |

| | АКШнын млн. доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2011 | 2012 |
| Областтарга бөлүнбөгөн аймак | 354,1 | 166,0 | 7,1 | 4,6 |

[1] Кетүү агымын эсептебегенде.

2012-ж. тике чет өлкөлүк инвестициянын түшүшү 2011-ж. салыштырганда 38,6 пайызга төмөндөп, 521,4 млн. долларды түздү. Муну менен сальдо (келүү минус кетүү) 372,2 млн. доллар суммасын түздү.

## 22-таблица: Тике чет өлкөлүк инвестициялардын түшүү түзүмү[1]

| | АКШнын млн. доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2011 | 2012 |
| **Бардыгы** | **849,2** | **521,4** | **100** | **100** |
| Акционердик капитал | 86,6 | 32,3 | 10,2 | 6,2 |
| Финансы лизинги | 4,3 | - | 0,5 | - |
| Кайра инвестицияланган пайда | 475,3 | 75,8 | 56,0 | 14,5 |
| Башка капитал | 283,0 | 413,3 | 33,3 | 79,3 |
| анын ичинде: | | | | |
| ишканалардын чет өлкөлүк ээлеринен алынган насыялары | 179,8 | 365,6 | 21,2 | 70,1 |
| соода насыялары | 103,2 | 47,7 | 12,1 | 9,2 |

[1] Кетүү агымын эсептебегенде.

Чет өлкөлүк инвестицияларды салууда иштетүү өнөр жайларына, кыймылсыз мүлк менен болгон операцияларга, ижара жана керектөөчүлөргө кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө, финансы ишмердүүлүктөрүнө, соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке колдонулуучу нерселерди оңдоого көбүрөөк артыкчылыктар берилди.

2012-ж. өткөн жылга салыштырганда айыл чарба, тоо кен казуу, коммуналдык, социалдык жана жеке кызмат көрсөтүү чөйрөлөрүн кошпогондо, тике чет өлкөлүк инвестициянын түшүү көлөмү бардык ишмердиктин түрлөрүндө төмөндөп кетти.

## 23-таблица: Ишмердүүлүктүн бардык түрлөрү боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялардын түшүшү[1]

| | АКШнын млн. доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2011 | 2012 |
| **Бардыгы** | **849,2** | **521,4** | **100** | **100** |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарбасы | 0,0 | 1,7 | 0,0 | 0,3 |
| Тоо кен казуу өнөр жайы | 27,6 | 27,8 | 3,2 | 5,4 |
| Иштетүү өнөр жайы | 489,7 | 239,0 | 57,7 | 45,9 |
| Электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | - | 0,0 | - | 0,0 |
| Курулуш | 5,1 | 1,1 | 0,6 | 0,2 |
| Соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарды жана жеке колдонулуучу нерселерди оңдоо | 64,8 | 31,4 | 7,6 | 6,0 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 4,0 | 1,6 | 0,5 | 0,3 |
| Транспорт жана байланыш | 39,8 | 5,4 | 4,7 | 1,0 |
| Финансы ишмердиги | 48,1 | 46,7 | 5,7 | 9,0 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана керектөөчүлөргө тейлөөлөрдү көрсөтүү | 170,0 | 166,4 | 20,0 | 31,9 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү | - | 0,1 | - | 0,0 |

| | АКШнын млн. доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2011 | 2012 |
| Коммуналдык, социалдык жана жеке тейлөөлөрдү көрсөтүү | 0,1 | 0,2 | 0,0 | 0,0 |

[1] Кетүү агымын эсептебегенде.

2012-ж. КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн келген тике чет өлкөлүк инвестициялардын түшүү көлөмү 2011-ж. салыштырганда 1,7 эсе азайды. Негизги инвестор өлкө катары Канада, түшүү көлөмү 3,9 эсе, Кытай (22,9 пайызга), Германия (23,8 пайызга) аз болду жана Улуу Британия өлкөлөрү, анын түшүү көлөмү, тескерисинче, 35,7 пайызга көтөрүлдү. Канададан алынган инвестициялар, негизинен, иштетүү өнөр жай ишканаларына (93,7 пайыз, муну менен бардык көлөм металлургия өндүрүшүнө жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүнө багытталды), Кытайдан келген инвестиция - иштетүү өнөр жай ишканаларына (66,7 пайыз, анын ичинде 88,3 пайызы кокс өндүрүшүнө, мунайзат жана ядролук материалдарга) жана геологиялык чалгындоого (23,9 пайызы), Германиядан келген инвестиция - иштетүү өнөр жай ишканаларына (94,7 пайыз, анын ичинен 89,5 пайыз металл эмес минералдык продуктулардын ишканаларына), Улуу Британиядан алынган инвестициялар геологиялык чалгындоого (95,0 пайызы) жиберилди.

КМШ өлкөлөрүнөн түшкөн тике чет өлкөлүк инвестициялардын агымынын (31,8 пайызга) өсүшү белгиленди. Россиядан келген инвесторлор тарабынан жүргүзүлгөн салымдардын көлөмү 1,4 эсеге, Казакстандан – 29,1 пайызга көтөрүлдү. Россиядан алынган инвестициялардын негизги көлөмү иштетүү өнөр жай ишканаларына (35,8 пайызы, анын ичинен 85,1 пайызы - тамак-аш азыктарын өндүрүүгө, суусундуктарды жана тамекини кошкондо), соода; автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди ондоо ишканаларына (31,5 пайызы) жана финансы ишмердик чөйрөсүнө (26,4 пайызы), Казакстандан - соода; автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди ондоого (41,7 пайызы) жана финансы ишмердүүлүк чөйрөсүнө (39,0 пайызы) багытталды.

**24-таблица: Өлкөлөр боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялардын түшүүсү[1]**

| | АКШнын млн. доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2011 | 2012 |
| **Бардыгы** | **849,2** | **521,4** | **100** | **100** |
| КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн | 806,0 | 464,5 | 94,9 | 89,1 |
| Австралия | 10,6 | 8,0 | 1,3 | 1,5 |
| Виргин аралдары (Британия) | 2,9 | 10,9 | 0,3 | 2,1 |
| Германия | 42,7 | 32,6 | 5,0 | 6,3 |
| Индия | 1,6 | 1,2 | 0,2 | 0,2 |
| Иран | 0,1 | 0,4 | 0,1 | 0,1 |
| Канада | 445,5 | 115,3 | 52,5 | 22,1 |
| Кипр | 0,4 | 1,3 | 0,1 | 0,2 |
| Кытай | 149,6 | 115,3 | 17,6 | 22,1 |
| Латвия | 6,4 | 5,1 | 0,7 | 1,0 |
| Бириккен Араб Эмираттары | 26,9 | 5,1 | 3,2 | 1,0 |
| Пакистан | 5,7 | 4,4 | 0,7 | 0,8 |
| Корея Республикасы | 1,6 | 27,6 | 0,2 | 5,3 |
| Сейшель аралдары | 3,0 | 4,4 | 0,4 | 0,8 |
| Бириккен Падышалык (Улуу Британия) | 51,4 | 69,7 | 6,1 | 13,4 |
| Америка Кошмо Штаттары | 12,1 | 4,7 | 1,4 | 0,9 |
| Түркия | 5,4 | 20,2 | 0,6 | 3,9 |
| Швейцария | 26,4 | 21,2 | 3,1 | 4,1 |
| Башка өлкөлөр | 13,7 | 17,1 | 1,4 | 3,3 |
| КМШ өлкөлөрүнөн | 43,2 | 56,9 | 5,1 | 10,9 |

| | АКШнын млн. доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2011 | 2012 |
| Казакстан | 24,1 | 31,1 | 2,8 | 6,0 |
| Россия | 18,7 | 25,5 | 2,2 | 4,9 |
| Башка өлкөлөр | 0,4 | 0,3 | 0,1 | 0,0 |

[1] Кетүү агымын эсептебегенде.

2011-ж. салыштырмалуу Баткен жана Ысык-Көл областарына түшкөн тике чет өлкөлүк инвестициялардын көлөмү кыйла кыскарды.

**25-таблица: Аймак боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялардын түшүшү[1]**

| | АКШнын млн. доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2011 | 2012 |
| **Кыргыз Республикасы** | **849,2** | **521,4** | **100** | **100** |
| Баткен областы | 56,6 | 9,6 | 6,7 | 1,8 |
| Жалал-Абад областы | 66,5 | 77,6 | 7,8 | 14,9 |
| Ысык-Көл областы | 437,5 | 109,8 | 51,5 | 21,1 |
| Нарын областы | 0,3 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |
| Ош областы | 13,2 | 11,6 | 1,6 | 2,2 |
| Талас областы | 6,3 | 14,5 | 0,7 | 2,8 |
| Чүй областы | 74,5 | 101,2 | 8,8 | 19,4 |
| Бишкек ш. | 181,0 | 196,9 | 21,3 | 37,8 |
| Ош ш. | 0,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |
| Областка бөлүнбөгөн аймак | 13,3 | - | 1,6 | - |

[1] Кетүү агымын эсептебегенде.

## Тейлөө рыногу

Чарба жүргүзүүчү субъектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2013-ж. январь-февралында алдын ала баалоо боюнча, 48.2 млрд. сомду түзүп, 2012-ж. январь-февралына караганда 6,1 пайызга көбөйдү.

**26-таблица: 2013-ж. январь-февралында экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү**

| | Млн. сом | | Пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | анын ичинде калкка | өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | | жыйынтыкка карата | |
| | | | бардыгы | анын ичинде калкка | бардыгы | анын ичинде калкка |
| **Бардыгы** | **48164,1** | **34481,0** | **106,1** | **107,5** | **100** | **100** |
| Соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди ондоо | 34904,6 | 24726,5 | 106,7 | 108,4 | 72,5 | 71,8 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 1498,4 | 1498,4 | 106,8 | 106,8 | 3,1 | 4,4 |
| Транспорт | 3532,4 | 2779,1 | 100,6 | 100,3 | 7,3 | 7,9 |
| Байланыш | 3294,8 | 2172,7 | 111,1 | 114,8 | 6,8 | 6,6 |
| Финансы ишмердиги | 1429,4 | 933,0 | 108,0 | 108,0 | 3,0 | 2,7 |

| | Млн. сом | | Пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | анын ичинде калкка | өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | | жыйынтыкка карата | |
| | | | бардыгы | анын ичинде калкка | бардыгы | анын ичинде калкка |
| Кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана керектөөчүлөргө тейлөө көрсөтүү | 1800,0 | 813,3 | 98,1 | 97,6 | 3,7 | 2,4 |
| Билим берүү | 669,2 | 669,2 | 102,9 | 102,9 | 1,4 | 1,8 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөө көрсөтүү | 221,1 | 221,1 | 102,9 | 102,9 | 0,5 | 0,6 |
| Коммуналдык, социалдык жана жеке тейлөөлөрдү көрсөтүү | 814,2 | 667,7 | 101,7 | 101,6 | 1,7 | 1,8 |

Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү республиканын бардык чөлкөмдөрүндө өстү.

**27-таблица: 2013-ж. январь-февралында аймак боюнча көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү**

| | Млн. сом | | Пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | анын ичинде калкка | өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | | жыйынтыкка карата | |
| | | | бардыгы | анын ичинде калкка | бардыгы | анын ичинде калкка |
| **Кыргыз Республикасы** | **48164,1** | **34481,0** | **106,1** | **107,5** | **100** | **100** |
| Баткен областы | 1425,4 | 1359,5 | 127,7 | 116,2 | 3,0 | 3,9 |
| Жалал-Абад областы | 2767,0 | 2521,5 | 111,7 | 108,1 | 5,7 | 7,3 |
| Ысык-Көл областы | 1238,1 | 1132,8 | 105,0 | 103,5 | 2,6 | 3,3 |
| Нарын областы | 564,9 | 543,0 | 103,6 | 98,7 | 1,2 | 1,6 |
| Ош областы | 4262,9 | 3543,0 | 107,9 | 109,6 | 8,9 | 10,3 |
| Талас областы | 736,3 | 603,6 | 105,2 | 101,6 | 1,5 | 1,8 |
| Чүй областы | 6763,3 | 5966,4 | 104,3 | 107,9 | 14,0 | 17,3 |
| Бишкек ш. | 25622,4 | 15178,7 | 103,8 | 106,9 | 53,2 | 44,0 |
| Ош ш. | 4783,8 | 3632,5 | 112,1 | 108,6 | 9,9 | 10,6 |

**Керектөө рыногу.** Ушул жылдын январь-февралында *соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди оңдоо* жүгүртүүсүнүн көлөмү 34,9 млрд. сом өлчөмүндө түзүлүп, 2012-ж. январь-февралына салыштырмалуу 6,7 пайызга өстү.

2013-ж. февралында жүгүртүүнүн көлөмү 2012-ж. февралына салыштырганда 4,5 пайызга, өткөн айга салыштырганда ү.ж. 4,6 пайызга өстү, бул чекене жана дүң сатуунун жана мотор майын чекене сатуунун жүгүртүү көлөмүнүн көтөрүлүшүнүн эсебинен шартталды.

**28-таблица: Январь- февралда соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди ондоонун жүгүртүүсү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Бардыгы** | **30643,2** | **34904,6** | **106,7** | **106,7** |
| Автомобиль, мотоцикл, автомобилдин тетиктери жана шаймандарынын соодасы | 928,0 | 996,0 | 103,2 | 107,5 |
| Автомобилди техникалык жактан тейлөө жана ондоо | 171,5 | 187,9 | 93,7 | 105,9 |
| Мотор майын чекене сатуу | 9196,7 | 10178,1 | 108,5 | 102,7 |
| Дүң соода жана агенттер аркылуу сатуу | 3377,9 | 4037,4 | 116,2 | 117,7 |

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| Чекене соода, буга автомобилди жана мотор майын сатуу кирбейт | 16908,9 | 19441,0 | 104,4 | 106,7 |
| Турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди ондоо | 60,2 | 64,2 | 96,9 | 93,1 |

Ушул жылдын январь-февралында 2012-ж. январь-февралына салыштырганда соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди ондоо жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүнүн өсүүсү республиканын бардык чөлкөмдөрүндө камсыздандырылды.

**29-таблица: Январь-февралда аймак боюнча соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди ондоонун жүгүртүүсү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Кыргыз Республикасы** | **30643,2** | **34904,6** | **106,7** | **106,7** |
| Баткен областы | 835,0 | 1156,6 | 119,0 | 135,1 |
| Жалал-Абад областы | 1857,6 | 2279,2 | 102,8 | 112,2 |
| Ысык-Көл областы | 675,7 | 766,1 | 102,9 | 104,9 |
| Нарын областы | 328,0 | 367,8 | 106,3 | 102,6 |
| Ош областы | 3284,9 | 3790,2 | 108,0 | 108,6 |
| Талас областы | 513,1 | 562,9 | 104,1 | 103,7 |
| Чүй областы | 5547,9 | 6082,8 | 120,0 | 103,9 |
| Бишкек ш. | 14214,5 | 15795,2 | 101,3 | 103,7 |
| Ош ш. | 3386,5 | 4103,8 | 113,6 | 113,5 |

Ушул жылдын январь-февралында 2012-ж. январь-февралына салыштырганда мотор майын чекене сатуунун жүгүртүү көлөмүнүн өсүүсү Нарын областынан башка республиканын бардык чөлкөмдөрүндө камсыз кылынды. 2013-ж. февралында 2012-ж. февралына караганда мотор майын чекене сатуунун жүгүртүү көлөмү 14,5 пайызга, ал эми мурунку айга салыштырмалуу 4,7 пайызга өстү.

**30-таблица: Январь-февралында аймак боюнча мотор майын чекене сатуунун жүгүртүүсү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Кыргыз Республикасы** | **3377,9** | **4037,4** | **116,2** | **117,7** |
| Баткен областы | 160,0 | 448,3 | 2,7 эсе | 2,9 эсе |
| Жалал-Абад областы | 230,4 | 257,4 | 103,0 | 109,2 |
